# Үч казына



Кытай жергесинде, Турпандын нары жагында, Үч казына аттуу жерде Көбөн аттуу бай киши жашап турган болот. Көбөндүн Жаркынбай аттуу жарды тууганы болот. Жаркынбай Көбөн тууганынын малын багып, кол чанач менен айран алып, балдары менен эптеп жашап турган болот. Берген айраны күнүмдүк жашоосуна эптеп жетет. Байдын аялы кээде кабагын карыш салып, салам айтса дагы алик алып учурашканга жарабай, эч нерсе бербей коёт. Жаркынбайдын аялы томсоруп отуруп, куру кол үйдөн чыгат. Үйүнө алган айраны жок, айран алуучу кол чаначын колтугуна кысып, үйүн көздөй басат. Күтүп турушкан Жаркынбай балдары менен куру кол келе жатканын билишип, томсоруп калышат. Айла жок, ичер-жээр эч нерселери жок. Эртеңки күндүн келүүсүн чыдамсыздык менен күтүшөт. Мына дагы барган аялы куру кол келди. Малдан келген Жаркынбай жаман боз үйүнө жөлөнүп, бир азга отуруп, ордунан тура аялына: "мен чоң жолго барып келейин. Кербендер өтсө, кайыр сурайын." Аялы: "барсаң барып кел. Кербен өтөөр" дейт. Жаркынбай нары жакта тушалуу атына басат. Кербендер өтчү чоң жол бир далай. Балдарына берүүчү эч нерсеси жок, айласы кеткен аял чаначты суу менен чайкаганда төгүп жибербей, аякка куюп койгон. Балдарына ошол кымыранды бөлүштүрүп берип: "Атаңар чоң жолго кетти. Буюрса кур келбейт. Силер ойноп тургула. Мен жакканга отун издеп келейин", - деп сыртка чыгат. Тигинде бир аз тезек жабылган кара капты, ала басып, таштак жерге өскөн, коён томуктуу жерди карап басат. Ар кайсы жерге жапырайып чыккан коён томукту жулуп, кабына салып жүрөт. Тигинде таштар үйүлгөнсүгөн жерде, эрбейген коён томуктар көрүнгөнсүйт. Анча чоң эмес таштардын арасындагы коён томукту жулуп кирет. Чоңураагын жулса, асты жагына таш, топлор шылдырап кулагандай болот. Аял таң кала таштарды аяр ала баштайт. Топло, майда таштар шылдырап астына түшүп жаткандай. Оозун кеңейтип жиберип, асты жагы көңдөй өңдөнөт. Эңкейип башын салып караса, агыш тартып эшик көрүнөт. Эки жагында, капта бир нерсе салынып турат. Таң калып, кайра-кайра карап, эки жакты элеңдей карап, жапыз эле экен деп, тешиктен түшөт. Ооздогу каптын оозун чечип, ичинде дагы бир кап, аны ачып караса, тазаланган арпа, экинчи капты ачса, кыпкызыл буудай. Жалпак таштын үстүнө коюлган. Жабылуу эшикке таштар тиретилген. Таштарды алып жиберип, эшикти ачат. Үстүдөн түшкөн жарыктан эшик ачыла жарык шоолаланып көрүнүп, катар сандыктар, үстү жагы оокаттар көрүнгөнсүйт. Көргөн көзүнө ишене бербей, таңдана карап элейип, дендароо болуп карап туруп, кайра эшикти жабат. Бир капты жылдырып коюп, үстүгө чыгат. Үйгө чуркап барып, кара табактан алып, кайра жүгүрүп тешиктен түшүп, буудайдан алып келет. Балдары таң кала карашат. Бат эле коён томук тезектен жагып, казан асып, буудай кууруп кирет. Түндүктөн түтүн булай чыгып, казанда буудай куурулуп, үйгө ырыскы кирип, балдар отту тегеректей отурушуп, казанды карашат. "Мына балдарым, кудай берди бизге. Асмандан тилегенибиз жерден чыкты" – деп, жетине албай оозу тынбай жебиреп, куурулган бадыракты жайылган супарага салып:

- Шашпагыла. Азыр ысык. Атаа... сары май болгондо, көөлөп бергенимде жакшы болбойт беле - дейт. Балдары: "Апа, ким берди? Көбөн атаныкынан алып келдиңби?" – дешип, али ысык буудайдан көздөрү өтүп, - апа эми муздадыбы - дешип, кайталап сурашып, курсактары кайнап турат. Апасы анан балдарынын алаканына, ар бирине ууучтап салып берип:

- Шашпай жегиле. Суудан ууртап койгула, – деп өзү дагы буудайдан жеп, аяктагы суудан ууртап коюп, көңүлү жай балдарынын качыратып, буудай чайнап жеп жаткандарына ыраазы. Буудайга тойгон балдар өзөгүнө түшүп кеткенсип, турган жерлерине кыңтая сулашып көздөрү коюланып жумула калып, анан ачыла албай, уйкуга кетишет. Аял баягы жерине барып, арпадан алып келет. Отту кайра тутандырып, арпадан кууруп кирет.

Жаркынбай чоң жолго барып турат. Көп узабай кербен келе жаткан болот. Астыда кербен башы жана башка жакшы кийинишкендер, жарашыктуу ат минишип, көңүлдөрү жай. Ээн жерде, эрме талаада, жалгыз турган адамды таң калуу менен карашат. Арт жагында эшек, качыр минген, жүктүү төөлөр. Жаркынбай колун бооруна ала салам айтат. Аттарын токтото, алик алышат.

– Кайрымдуу акелер! Кайыр кылып, бир аз бир нерсе берип кетсеңер экен. Тиги жакта балдарым, аялым ачка... - дейт башын салып муңайып. Бирөөсү эки кадак берет. Арттагылардан бири нан берет. Кудуңдап сүйүнүп, үйүн көздөй жөнөйт. Үйүнө чукулдаса, жаман үйүнүн түндүгүнөн түтүн чыгып жатат. Үйдө эч нерсе жок болсо, эмнеге от жаккан деп таң калат. Үйгө кирсе аялы казанга арпа кууруп жатат. Жаркынбайды күлө карап, кармап турган кууругуч таягын шайдоот имерип болбойт. Балдары кыңтая жатып, уктап жатышат. "Эй, эмне унчукпайсың? Кайдагы арпа?" Аялы күлүп, болгон окуяны айтып берет. Арпаны кууруп болуп, экөө ээрчишип басып, казына табылган жерге келишет. Жаркынбай түшүп, баарын көрүп чыгат. Оозуна баягы капты жаап коюшуп, үйүнө барышат. Түнү жатышып эрди-катын, түндүн бир оокумуна чейин укташпай, таң калыштуу окуяга дале ишене беришпей, түркүн ойго батып жатышат. Эртең менен эрте турушуп, үйүн чечишип казына турган жерге көчүп конушат. Жаркынбай мурдагыдай, Көбөндүн малын бага берет. Анан Көбөндөн музоолуу саан уй сатып алат. Балдары сүт, айранга кенен жетишип, тоюна башташат. Элден ат, ат жабдыгы менен алат. Бир топ малды Көбөн тууганынан сатып алат. Эмнегедир Көбөн жардыланып баштайт. Бир ишке кириптер болуп, малынан берип кутулат. Жыл айланып, Жаркынбай бай аталып, ак өргө көтөрүлүп, багы үйү аштымкана болгон. Эшиктин астындагы мамыгы, сымпоочтолгон ээр токумдуу, жал куйругу төгүлгөн жакшы ат байланган. Жаркынбайдын малы көбөйгөн. Малын өзү багып, Көбөндүн бир аз калган малын да багышат. Көбөндү дале, "аке" деп сыйлап, жеңесин тамашалап, "Айранды ачытып, сүттү ийинге куйган жоксуңбу?" - деп күлүп. Жеңеси анда, күлгөн болуп.

- Койсоңчу уул, тамашаңды. Азыр кайдагы ачыган айранды айтасың? - деп жактырбай чычалап кетет. Оомалуу, төкмөлүү дүнүйө. Кечөө эле, айран сурап, жашап келген Жаркынбай минтип тамашага салып, талуу жерден кармап, күйбөгөн жанды күйгүзүп. Эки жылга айланып, малы азайган Көбөн ойлонуп отуруп, калган малына бирөөнүн иштеп жаткан, тегирменин сатып алат. Жаркынбайдын жанынан көчүп кетет. Эки жакка көп чыкпай, тегирменин иштетип, салдырган элден кала алып, жашап калат. 1915-жыл. Күз айлары болуп калган. Көбөн тегирменин аял, балдарына табыштап коюп, Жаркынбайга бармак болуп, атланып чыгат. Жай жүргөн атчанга жарым күндүк жол.

Жаркынбай атынын жай жүрүшүнө салып коюп, көнүмүш ырын кыңылдап, ырдап бара жатты. Ырдап тажап, атын темине катуулап, жүрүштөн башка жумшак жүргөнү жок, сепелендеп секирип жөнөп, бир аз барганда тажап, кайра акырындап баратты. Аты тердеп алган. Асты жакта жол боюнда, чийлерден төбөлөрү чыккан бозоргон күмбөздөр, көрүнө баштайт. Чукулдап бергенде, куран окууга беленденип, оң бутун үзөңгүдөн чыгара бергенде капыстан жол боюна чыга калган караан экөөнүн тең эсин алды. Ат башын көтөрө жалт бере, тартылган ооздуктан токтоп, үстүдөгү Көбөн көнүмүш адат тизгинди тарта, үзөңгүнү чирене тээп, карааңды карай, "ач арбакпы? Же киши элего" деп, ордунда селейишти. Адам экенин билген. Камбар Атанын тукуму башын сала туруп, Көбөндүн жүрөгү алеп-желеп, оозунан келмеси кетип, "а" деп айтууга дарманы жок. Көгала сакал, башында эски топу, жалаңкат көйнөгү шалбырап, чолок шымынан ылдый жагы, жалаң аяк бутун чаң басып турат. Ал адам Көбөндү тике карап, "Коркпо, мен Абдылдабекмин" - деп саамга токтолуп, Көбөндөн көзүн албай, Көбөн Абдылдабек деген сөздү уга, аттан чапчаң түшүп сөз таба албай, "Сизди билбей эле..." деп, эмне кыларын билбей, жерге батпай, эңкейе берип этегин өөп. Абдылдабек ийилген башты сылай "өөдө бол. Атыңа мин" деп. Көбөн атына шаша минип, Абдылдабекти карайт. "Көбөн! Эмдиги жылы күз менен көп эл качып келет. Бул жакка. Алардан кала алба. Уктуңбу?" Көбөн эпилдеп, "Макул, бегим. Макул. Алардан албаймын" деп. "Эми уксаң кете бер" дейт. Көбөн атын теминип, шаша бастырат. Кайрылып карай албай бир топ узай берип, артын араң караса, Абдылдабектин карааны көрүнбөйт.

Жыл айланып, 1916-жыл да келет. Көбөн тегирменин иштетип, элден каласын алып, каладан алган ун, талканды сатып, жашоосу бир ыкка түшкөндөй. Жай аяктап калганда, каңшаар кептер угулат." Советтеги кыргыздар үркүптүр. Бүтүндөй качып, бул жакка келе жатыптыр" деген. Бул кабарды угуп, Абдылдабек эсине түшүп, "Бегим, бекер айтпаган тура" деп ойго батат. Абдылдабекке багыштап, куран окуйт.

(Болгон окуя)

**Оболбек МАМЫТОВ**

# КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК РЕЙТИНГДЕ АЛДЫҢКЫ ОРУНДАРДЫ КАМСЫЗ КЫЛУУДА

**Бул жолу Кыргызстан БУУнун Бүткүл дүйнөлүк туристтик уюмунун (UNWTO) рейтингинде туризм боюнча биринчи орунду ээледи. Дүйнөлүк туристтик уюмдун божомолдоосуна караганда, Кыргызстанга келген туристтердин агымы жыл сайын 8,2 пайызга көбөйүүдө.**

Чет өлкөлүк туристтер Кыргызстандын абасынын тазалыгына, тоолорун ат минип кыдырууга, кээ бир туристтер элеттиктердин жашоосуна, кыргыздын боз үйүнө, кымызына суктанышат. Айрыкча тоо койнундагы Соң-Көлдүн жээгинде боз үйдө түнөп кетүү туристтерге өзгөчө таасир калтырат.

Кыргызстан туризм тууралуу көптөгөн эл аралык рейтингдерге катышып алдыңкы орунга чыгууда. Мисалы, Эл аралык "Financial Times" гезити "Көрүп келүү – 2016" рейтингинде Кыргызстанды 7-орунга жайгаштырган. Гезиттин маалыматында, Кыргызстан туризм өлкөсү катары көчмөн маданияты, таза абасы, бийик тоолору, көлү жана токойлору менен туристтерге ыңгайлашкан.

Литванын Базар жана коомдук изилдөө Baltijos turimai/Gallup компаниясы Кыргызстанды КМШ мамлекеттеринин арасынан эң туруктуу өлкө катары баалаган.

Ошондой эле, Кыргызстандагы кышкы туризмди да баалашып, Каракол шаарындагы тоо лыжа базасы да КМШ мамлекеттеринин арасынан эң алдыңкы катарларды камтыйт.

**Айнура ШАЙКЕЕВА**

# КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН 20 ЖЫЛДЫГЫ

**Түрк тилдүү элдер маданий, илимий, экономикалык жактан чыңдалышы керек.**

29-апрелде Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин түзүлгөндүгүнүн 20 жылдык маарекеси болуп өттү. Бул датага байланыштуу Борбордук Азия университеттеринин Ассоциациясынын курулушу тууралуу Декларацияга колдор коюлду. Аталган биримдикке Европа жана Азиянын 11 мамлекетинин 22 жогорку окуу жайы мүчө. Университеттин бул 20 жылдык салтанатына атайын конок катары Түркия Республикасынын вице-премьер-министри Йылдырым Тугрул Түркеш келип катышты. Университетти түзүү боюнча эки өлкө келишимине 1995-жылдын 30-сентябрында кол коюлса, 1997-жылдан баштап окуу жай студенттерге билим бере баштаган. Университетте билим берүү акысыз жана окутуу кыргыз, түрк тилдеринде жүргүзүлөт.

Бул салтанаттуу иш-чарага Илимдер Академиясынан окумуштуулар, Жогорку Кеңештен депутаттар, Өкмөттөн, Президенттик Аппараттан өкүлдөр келип, кызуу куттукташты. Университеттин ректору Себахаттин Балжы келген коноктор го ыраазычылыгын билдирип, эки өлкөнү өнүктүрө турган билимдүү жаштарды даярдап жатышканын далилдер менен айтып берди.

**Сымбат МАКСУТОВА**